КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
АКСЫ РАЙОНУ
КЕРБЕН ШААРДЫК КЕНЕШИ
720600 Кербен ш. Ныязалы көчөсү № 7
тел.: (0-3742) 5-02-39

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
АКСЫЙСКИЙ РАЙОН
КЕРБЕНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ
720600 г.Кербен ул.Ныязалы № 7
тел.: (0-3742) 5-02-39

25- май 2026 - жыл **№ 15/1** Кербен шаары

Аксы районунун Кербен шаардык Кенешинин
IX чакырылышынын кезектеги он бешинчи сессиясы

# Т О К Т О М

## "Элеттик аялдар кунун" белгилөө жөнүндө

Кербен шаарынын аймагындагы аялдардын жашоосун жакшыртуу, коомдук турмушка активдуу катышуусун камсыз кылуу максатында «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары» жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 15-июнундагы №363 токтомуна жана Кербен шаардык кеңешинин депутаты, Экономика, бюджет жана финансы боюнча туруктуу комиссиясыны төрайымы Б.Нармырзаеванын сунуш менен Аксы районунун мамлекеттик администрациясынын 2026-жылдын 13-майындагы №01-16/2227 катына негиз Кербен шаардык кеңешинин мыйзамдуулук, регламент, этика, социалдык, маданий билим берүү жана саламаттыкты сактоо боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 21-майындагы № 15 токтомун карап жана талкуулап Кербен шаардык кенешинин IX чакырылышынын кезектеги он бешинчи сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ :

1. Кербен шаар аймагында аялдардын абалын жакшыртуу үчүн шаардын социалдык-экономикалык стратегиялык өнүгүү программасына аялдардын маселесин толугу менен кийирүү, аялдар үчүн шарттарды жана мүмкүнчүлүктөрдү түзүү, жумушсуз аялдардын муктаждыктарын чечүү, мүмкүнчүлүктөрүнө жараша иш менен камсыздоо боюнча иштери жүргүзүлүп, 2026-2030-жылдар аралыгында Кербен шаар аймагында ар жылдын 18-июнун "Элеттик аялдар күнү" катары белгилөөгө макулдук берилсин.

2. “Элеттик аялдар күнүн” өткөрүү үчүн жобо бекитилип берилсин (тиркеме тиркелет).

3. Каржылоо маселеси жергиликтүү бюджеттин эсебинен жана демөөрчүлөрдүн каражаттары аркылуу камсыз кылынсын.

4. Бул токтом мамлекеттик реестрге киргизүү жана каттоо үчүн Жалал-Абад областтык юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Токтом «www.kerben.aksy.kg» веб-сайтында жарыялангандан кийин күчүнө кирет.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кербен шаардык кенештин мыйзамдуулук, регламент, этика, социалдык, маданий, билим берүү жана саламаттыкты сактоо маселелер боюнча туруктуу комиссиясына төрагасы З.Баназаровго, аткаруу жагы Кербен шаардык мэриясына жүктөлсүн.

**Кербен шаардык**
**кеңешинин төрагасы:** **А.Базарбаев**